**Акция**
**Россиядан Кыргызстанга эл аралык акча которуулар боюнча**
**(жөнөтүүчүлөргө)**
**«Компаньон» тиркемесине, ошондой эле Компаньон Банкы чыгарган Элкарт жана Visa карталарына**

| | | |
|---|---|---|
| **1. АКЦИЯНЫН ШАРТТАРЫ** | | |
| **1.1** | **Акциянын уюштуруучусу** | «Банк Компаньон» ЖАКы (мындан ары Банк) |
| **1.2** | **Акцияны өткөрүү Мөөнөтү жана Этаптары** | Башталган күнү: **2024-жылдын 1-августу.**<br>Аяктаган күнү: **2025-жылдын 31-майы.**<br>**Аралык этаптар:**<br>1-этап: 01.08.2024-ж. баштап 30.09.2024-ж. чейин<br>2-этап: 01.10.2024-ж. баштап 30.11.2024-ж. чейин<br>3-этап: 01.12.2024-ж. баштап 31.01.2025-ж. чейин<br>4-этап: 01.02.2025-ж. баштап 31.03.2025-ж. чейин<br>5-этап: 01.04.2025-ж. баштап 31.05.2025-ж. чейин<br>**Акциянын финалдык этабы: 01.08.2024-ж. баштап 31.05.2025-ж. чейин** жасалган которуулар боюнча жыйынтыктарды чыгаруу. |
| **1.3** | **Акциянын түрү** | Акция түртку берүүчү лотерея болуп саналбайт. Акциянын жеңүүчүсүн аныктоодо кокустуктар принциби (жеңүүчүнү эркин тандай турган алгоритмди колдонуу) алынып салынган. |
| **1.4** | **Акциянын катышуучулары** | Акцияга<br>• Бардык жеке жактар – 16 жашка толгон КРдин бардык жарандары **катыша алышат**;<br>• **Компаньон Банкынын Агенттери, кызматкерлери жана алардын жолдош/жубайлары, кызматкерлеринин жакын туугандары** (ата-энеси, балдары, асырап алуучулар, асырап алынгандар, ата-энеси бир жана ата-энеси башка эркек жана кыз бир туугандар, чоң ата, чоң эне, таята, таене, неберелер) **катыша албайт**. |
| **1.5** | **Акциянын өткөрүүсүн көзөмөлдөө боюнча комиссия** | Акциянын аткарылышын көзөмөлдөө максатында Банк Башкармасынын мүчөлөрүнөн турган Комиссияны түзөт. |
| **2. КАТЫШУУ ШАРТТАРЫ ЖАНА ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРДҮ АНЫКТОО** | | |
| **2.1** | **Шарттары** | 2.1.1. Акцияга катышуу үчүн Компаньон Банкы тарабынан чыгарылган Элкарт жана Visa төлөм карталарына жана/же Компаньон мобилдик тиркемесине Россиядан Кыргызстанга акча которууларды* жөнөтүш керек.<br><br>*_«Компаньон» тиркемесине жана Компаньон Банкынын карталарына **каалаган жеткиликтүү акча которуу системалары боюнча**. Акча которуу системалары, инструкциялар жана тарифтер менен www.kompanion.kg расмий сайтынан таанышууга болот._<br><br>2.1.2. Банк жаңы акча которуу системасын туташтырганда жаңы система автоматтык түрдө Акцияга кошулат. Банктын учурдагы акча которуу системаларынын бири менен иштөөсү токтотулган учурлар болсо, Акциянын |

| | | |
|---|---|---|
| | | катышуучуларынын акча которуу системасы өчүрүлгөнгө чейин жөнөтүлгөн которуулары акцияда **эске алынат**. |
| **2.2** | **Жеңүүчүлөрдү аныктоо тартиби жана критерийлери** | 2.2.1. Акциянын **5 аралык этаптарынын** ар бири үчүн эки номинация боюнча **10дон (он) жеңүүчү** аныкталат.<br>**1-Номинация:** жөнөтүлгөн которуулардын **эң чоң көлөмү (суммасы)** боюнча – 10 (он) жеңүүчү.<br>**2-Номинация:** жөнөтүлгөн которуулардын **эң көп саны** боюнча– 10 (он) жеңүүчү.<br>2.2.2. **Бир финалдык жеңүүчү** Акциянын бүткүл мезгилинин ичинде жөнөтүлгөн которуулардын **эң чоң жалпы көлөмү боюнча** аныкталат.<br><br>**<u>Жеңүүчүлөрдү аныктоодо башка критерийлер</u>**:<br>• Ар бири 1000 рублден жогору болуп жөнөтүлгөн акча которуулардын бардыгы акцияга кошулат.<br>• Ар бир аралык этаптын эки номинация боюнча жеңүүчүлөрүнүн рейтингине ар бир мезгил (этап) үчүн 50 000 рублден кем эмес суммадагы жөнөтүлгөн которуулардын көлөмү бар кардарлар кирет.<br>• Катышуучу 5 (беш) этаптын ичинен 1 (бир) аралык этапта гана жеңүүчү боло алат, бирок финалдык этапта да жеңүүчү боло алат.<br>• Эгерде катышуучу номинациялардын биринде (которуулардын көлөмү же саны боюнча) аралык этаптардын биринде жеңсе, ал башка аралык этапта эки номинациянын биринде дагы кайрадан жеңүүчү боло албайт.<br>• Аралык этаптардын катышуучулары (1-этаптан 5-этапка чейин) номинациялардын биринде гана жеңүүчү боло алышат: которуулардын максималдуу көлөмү же максималдуу саны боюнча.<br>• Эгерде катышуучу этаптардын биринде эки номинацияда тең жеңсе, ал рейтингде жогору турган номинацияда жеңүүчү болуп эсептелет. Эгерде жеңүүчү эки номинацияда бирдей орундарды алса, анда ал “акча которуулардын эң чоң көлөмү боюнча” номинациясында жеңүүчү болуп эсептелет.<br>• Которууларды Компаньон Банкы чыгарган карталарга жана/же «Компаньон» мобилдик тиркемесине жөнөтсө болот. **Бардык жеткиликтүү акча которуу системалары аркылуу «Компаньон» мобилдик тиркемесине жана Компаньон Банкынын карталарына жөнөтүлгөн бардык которуулардын суммасы чыгарылат.**<br>• Акцияда QR-код колдонуу менен жүргүзүлгөн которуулар <u>эсепке алынбайт.</u><br>• Эгерде Акциянын жыйынтыктарында которуулардын саны боюнча номинацияда бирдей сандагы которуулар менен бир байгелүү орун үчүн эки же андан көп жеңүүчү аныкталса, анда алардын ичинен эң чоң көлөмгө ээ болгон катышуучу жеңүүчү болуп саналат.<br>• Эгерде Акциянын жыйынтыктарында которуулардын көлөмү боюнча номинацияда которуулардын бирдей көлөмү менен бир байгелүү орун үчүн эки же андан көп жеңүүчү аныкталса, анда которуулардын эң көп санына ээ болгон катышуучу жеңүүчү деп таанылат.<br>• Акчасы кайтарылган которуулар Акциядан чыгарылат.<br>• Акциянын катышуучусунун которууларынын жалпы көлөмү Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында (сом) эсептелет. Чет өлкөлүк валютадагы которуулар жөнөтүлгөн күндөгү курс менен |

<table>
<tr><td></td><td></td><td>сомго конвертацияланат.<br>• Эгерде алып-сатарлык операциялар аныкталса, Банк Комиссиянын чечими менен жыйынтыктарды эсептөө шарттарына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жана мындай операцияларды Акцияга катышуудан четтетүү укугуна ээ калтырат.</td></tr>
<tr><td>2.3</td><td>Акция боюнча Байгелер</td><td>2.3.1. 1,2,3,4,5-этаптардын жеңүүчүлөрү төмөнкү байгелерди алышат:<br><br>1. Номинация: Которуулардын эң көп саны боюнча
<table>
<tr><th>Орун</th><th>Байге</th></tr>
<tr><td>1</td><td>50 000 сом</td></tr>
<tr><td>2</td><td>50 000 сом</td></tr>
<tr><td>3</td><td>50 000 сом</td></tr>
<tr><td>4</td><td>50 000 сом</td></tr>
<tr><td>5</td><td>50 000 сом</td></tr>
<tr><td>6</td><td>50 000 сом</td></tr>
<tr><td>7</td><td>50 000 сом</td></tr>
<tr><td>8</td><td>50 000 сом</td></tr>
<tr><td>9</td><td>50 000 сом</td></tr>
<tr><td>10</td><td>50 000 сом</td></tr>
</table>
<br>2. Номинация: Которуулардын эң чоң көлөмү (суммасы) боюнча
<table>
<tr><th>Орун</th><th>Байге</th></tr>
<tr><td>1</td><td>50 000 сом</td></tr>
<tr><td>2</td><td>50 000 сом</td></tr>
<tr><td>3</td><td>50 000 сом</td></tr>
<tr><td>4</td><td>50 000 сом</td></tr>
<tr><td>5</td><td>50 000 сом</td></tr>
<tr><td>6</td><td>50 000 сом</td></tr>
<tr><td>7</td><td>50 000 сом</td></tr>
<tr><td>8</td><td>50 000 сом</td></tr>
<tr><td>9</td><td>50 000 сом</td></tr>
<tr><td>10</td><td>50 000 сом</td></tr>
</table>
<br>2.3.2.ФИНАЛДЫК ЭТАПТЫН бир жеңүүчүсү котоуулардын эң көп көлөмү боюнча (суммасы) төмөнкү башкы байгени алат:<br><br>Бишкек шаарында 1-бөлмөлүү батир<br><br>2.3.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Акция үчүн байгелерди алууга байланыштуу салыктык чегерүүлөрдү Акциянын уюштуруучусу өзүнө алат.</td></tr>
<tr><td>2.4</td><td>Акциянын жыйынтыктарын чыгаруу мезгилдери</td><td><u>Жыйынтыктарды чыгаруу жана жарыялоо:</u><br>Аралык этаптар:<br>1-этап: 31.10.2024-ж. чейин.<br>2-этап: 31.12.2024-ж. чейин.<br>3-этап: 28.02.2025-ж. чейин.<br>4-этап: 30.04.2025-ж. чейин<br>5-этап: 30.06.2025-ж. чейин.<br>Акциянын финалдык этабы:<br>30.06.2025-ж. чейин</td></tr>
</table>

| | | |
|---|---|---|
| **2.5** | **Акциянын шарттарына жана өткөрүү мөөнөтүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу** | Банк Акциянын шарттарына жана өткөрүү мөөнөтүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү (токтотуу же узартуу) укугун өзүнө калтырат. Өзгөрүүлөр киргизилген учурда Банк кардарларга бул тууралуу Банктын расмий сайты аркылуу маалымдоого милдеттүү. |
| **3. АКЦИЯНЫН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮН МААЛЫМДОО ЖАНА СЫЙЛОО ТАРТИБИ** | | |
| **3.1** | **Акциянын жыйынтыгы тууралуу жеңүүчүлөрдү маалымдоо** | • Акциянын/этаптардын жеңүүчүлөрүнүн тизмеси Банктын («Банк Компаньон» ЖАКы) [www.kompanion.kg](http://www.kompanion.kg) расмий сайтында жарыяланат.<br>• Акциянын жыйынтыгы жарыяланган күндөн тартып **10 (он)** календарлык күндүн ичинде Акциянын катышуучусуна ал көрсөткөн байланыш маалыматы боюнча билдирүүгө/байланышка чыгууга мүмкүн болбосо, **катышуучу Акциянын жеңүүчүлөрүнүн тизмесинен чыгарылат.** |
| **3.2** | **Акциянын жеңүүчүлөрүн сыйлоо** | 3.2.1. Акциянын жеңүүчүлөрүнө байгелерди ыйгаруу аземи Банктын расмий сайтында жыйынтыктарды жарыялаган күндөн тарта 10 (он) иш күндүн ичинде ишке ашырылат.<br>3.2.2. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо расмий сыйлык тапшыруу аземинде өтөт. Салтанаттын орду жана убактысы жеңүүчүлөргө жеке маалымдалат.<br>3.2.3. Расмий сыйлоо аземинен кийин, аралык этаптар үчүн акчалай сыйлыктар жеңүүчүлөрдүн банктык эсебине SWIFT которуу жолу менен которулат (акчалай сыйлыктар Банктын жөнөтүү күнүндөгү курсу боюнча орус рублинде чегерилет). Которуу үчүн комиссия Банк тарабынан төлөнөт.<br>3.2.4. Баш байге жеңүүчүгө Бишкек шаарында ыйгарылат. «Бишкек шаарындагы 1 бөлмөлүү батир» жеңүүчүнүн өзүнө таризделет. Баш байгени утуп алган жеңүүчү байгени (расмий каттоодон өткөнгө жана батир алганга чейин) башка адамга өткөрүп берүүгө укугу жок.<br>3.2.5. Баш байгени утуп алган жеңүүчү документтерди жасатуу, батирди каттоо боюнча бүтүмдөрдү бүтүрүү үчүн зарыл болгон жана Банк менен алдын ала макулдашылган мөөнөттүн ичинде Бишкек шаарында болушу керек. Жыйынтыктар жарыялангандан кийин банк жеңүүчү менен байланышып, кыймылсыз мүлктү каттоонун мөөнөтүн талкуулайт. Жеңүүчү кыймылсыз мүлк менен бүтүмдөрдү Акциянын жыйынтыктары жарыялангандан кийин 30 (отуз) календардык күндүн ичинде бүтүрүшү керек.<br>3.2.6. Батирдин техникалык мүнөздөмөлөрү (жайгашкан жери, иштеп чыгуучу, планы, аянты, кабаттарынын саны, жасалгасы, баштапкы/экинчи рыногу ж.б.) Банк тарабынан аныкталат.<br>3.2.7. Банк КРдин мыйзамдарына ылайык Акциянын алкагында байгелерди алууга байланышкан салыктардан тышкары, жеңүүчүнүн атына батирди (башкы байгени) каттоого кеткен чыгымдарды көтөрөт. Бирок, уюштуруучу жеңүүчүнүн Бишкекке келишине байланыштуу эч кандай транспорттук жана башка чыгымдарга жооп бербейт.<br>3.2.8. Бардык байгелер КРдин жарактуу паспорту болгондо жана көрсөтүлгөндө гана берилет. |
| **3. АКЦИЯНЫ ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТЫ ЖАЙЫЛТУУ** | | |
| **4.1** | **Каналдар** | Акциянын шарттары, жыйынтыктары, кулактандыруулар, жарнамалык материалдар төмөнкү каналдар аркылуу жарыяланат:<br>• Банктын расмий [www.kompanion.kg](http://www.kompanion.kg) интернет-сайты;<br>• Банктын социалдык тармактардагы расмий аккаунттары (Facebook, Instagram);<br>• Маалыматтык-оюн-зоок интернет-сайттары жана банктын өнөктөштөрүнүн сайттары жана алардын социалдык тармактардагы |

| | | |
|---|---|---|
| | | аккаунттары;<br>• Башка ар кандай маалымат каражаттары.<br>Акцияны өткөрүү суроолору жана шарттары боюнча Банктын Кардарларды колдоо кызматынын 0312 33 88 00, моб. тел.: 88 00 (КРдин операторлорунан чалуу акысыз) номерлери аркылуу байланышсаңыздар болот. |
| **4.2** | **Акция тууралуу публикациялар** | Акцияга катышуу Акциянын катышуучусу Уюштуруучуга Акциянын жеңүүчүлөрүнүн тизмелерин толук аты-жөнүн, байге ордун, байгесин жана Уюштуруучулар тарабынан Акциянын жеңүүчүлөрүнүн фотосүрөттөрүн ар кандай маалымат каражаттарында колдонууга макулдугун берет дегенди билдирет. |